**УДК: 39 (575.2)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-380-388**

**Жолдошев Н. Ж.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
turan_1@inbox.ru
**Рахимова Ж.Т.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
rirasulovna@gmail.com

# БАРГЫ УРУУСУНУН БАЙЫРКЫ БАРГУТ УРУУСУ МЕНЕН ЭТНОГЕНЕТИКАЛЫК БАЙЛАНЫШЫ

**Аннотация.** Макалада кыргыздын Баргы уруусу легендарлуу Баргужин-токум өлкөсүнүн аталышы аны менен тыгыз байланышта болуп, Байкөлдүн ары жагын мекендеген байыркы Баргу же Баргут уруусу менен этногенетикалык байланыштары кытай булактарындагы маалыаттар менен бирге батыш изилдөөчүүлөрү – É.Chavannes, G.Schlegel, V.Thomsen, F.Hirth, орус-совет окумуштуулары – Н.А.Аристов, А.Н.Бернштам, Л.П.Потапов, Е.В.Ковычев, С.М.Абрамзон, Б.Р.Зориктуев, А.Г.Малявкин сыяктуулардын эмгектеринин жана автордун талаа материалдарынын негизинде иликтөөгө алынып изилденет. Изилдөөнүн жыйынтыгында көпчүлүк илипоздор Баегу/Байырку уруусун келип чыгышы боюнча түрк тилдүүлөрдөн келип чыгышы жөнүндөгү гипотезаны колдошот жана карманышат. Алгачкылардан болуп Н.А.Аристов Баргы уруусунун аты монголиялык *баргут* уруусунун аты менен байланышта болушу мүмкүн деп, кыргыздын Баргы уруусу менен монголдордун *баргут* уруусунун этногенетикалык жактан байланыштырган. Н.А.Аристовдун бул гипотезасын колдоп С.М.Абрамзон Баргы уруусун Байкөлдүл ары жагын мекендеген байыркы Баргу же Баргут уруусу менен салыштырып, окшоштурган. С.М.Абрамзондун бул оюн бурят окумуштуусу Б.Р.Зориктуев кубаттап колдогон. Макаланын соңунда Баргы уруусунун курамында кездешкен «ак баргы», «кара баргы», «сары баргы», «таз баргы», «карабагыш баргы», «мырза баргы», «улуу баргы», «кичи баргы», «хан баргы», «үч баргы», «үчбай баргы» деген этнонимдик аталыштарга кыскача аныктамалар берилген.

**Негизги сөздөр:** баргы, баргут, баегу, байырку, Баргуджин-токум, ак баргы, кара баргы, сары баргы, таз баргы, улуу баргы, кичи баргы, хан баргы, үч баргы.

**Жолдошев Н. Ж.**
кандидат исторических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
turan_1@inbox.ru
**Рахимова Ж.Т.**
кандидат педагогических наук, доцент

Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
rirasulovna@gmail.com

## ЭТНОГЕНЕТИЧЕСКАЯ СВЯЗЬ ПЛЕМЕНИ БАРГЫ С ДРЕВНИМ ПЛЕМЕНЕМ БАРГУТОВ

**Аннотация.** В статье рассматриваются этногенетические связи кыргызского племени Барги с древним племенем Баргу или Баргут, населявшим легендарной страны Баргужин-Тукум (Забайкалье) на основе данных китайских источников, научных работ западно-европейских ученых – É.Chavannes, G.Schlegel, V.Thomsen, F.Хирт, русско – советские ученые – Н.А.Аристова, А.Н.Бернштама, Л.П.Потапова, Е.В.Ковычева, С.М.Абрамзона, Б.Р.Зориктуева, А.Г.Малявкина и полевых материалов автора. Исследование подтверждает и болшинство ученых придерживается гипотезы о том, что племя Баргу произошли от тюркоязычного племени Баегу/Байырку. Одним из первых Н.А.Аристов предположил, что название племени Барги может быть связано с названием монгольского племени баргутов, этногенетически связывая кыргызское племя Барги с монгольским племенем баргутов. Гипотезу Н.А.Аристова поддержал кыргызский этнограф С.М.Абрамзон сравнив кыргызскон племя Баргы с древним племенем Баргу или Баргут, населявшим Забайкалье. С.М.Абрамзона поддержал бурятский ученый Б.Р.Зориктуев.. В конце статьи даны краткие определения этнонимических названий «ак баргы», «кара бары», «сары баргы», «таз баргы», «карабагыш баргы», «мырза баргы», «улуу баргы», «кичи баргы», «хан баргы», «уч баргы», «учбай баргы» встречающихся в составе племени Барги.

**Ключевые слова:** баргы, баргут, баегу, байырку, Баргуджин-токум, ак баргы, кара баргы, сары баргы, таз баргы, улуу баргы, кичи баргы, хан баргы, үч баргы.

**Joldoshev N. J.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek
turan_1@inbox.ru
**рахимова**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek
rirasulovna@gmail.com

## THE ETHNOGENETIC CONNECTION OF THE BARGY TRIBE WITH THE ANCIENT BARGUT TRIBE

**Abstract:** The article examines the ethnogenetic ties of the Kyrgyz Bargi tribe with the ancient Bargu or Bargut tribe, who inhabited the legendary country of Barguzhin-Tukum (Transbaikalia) based on data from Chinese sources, scientific works of Western European scientists.Chavannes, G.Schlegel, V.Thomsen, F.Hirt, Russian–Soviet scientists – N.A.Aristova, A.N.Bernshtama, L.P.Potapova, E.V.Kovycheva, S.M.Abramzon, B.R.Zoriktueva,A.G.Malyavkina

and the author of field materials. The study confirms and supports the hypotheses of scientists that the Bargu tribe originated from the Turkic-speaking Baegu/Bayyrku tribe. N.A.Aristov was one of the first to suggest that the name of the Bargi tribe may be related to the name of the Mongolian Bargut tribe, ethnogenetically linking the Kyrgyz Bargi tribe with the Mongolian Bargut tribe. According to N.A.Aristov's hypothesis, Kyrgyz ethnographer S.M.Abramzon supported the Kyrgyz tribe of Bargi with the ancient tribe of BarGU or Bargut, who inhabited Transbaikalia. S.M.Abramzon was supported by Buryat scientist B.R.Zoriktuev.. At the end of the article, brief definitions of the ethnonymic names "Ak Bargi", "Kara Bargi", "Sary Bargi", "taz Bargi", "karabagysh Bargi", "myrzah Bargi", "Ulu Bargi", "Kichi Bargi", "Khan Bargi", "Uch Bargi", "uchbai" are given Bargi", found as part of the Bargi tribe.

**Key words:** Bargi, bargut, baegu, ancient, Bargujin-tokum, white Bargi, black Bargi, yellow Bargi, bald Bargi, big Bargi, small Bargi, Khan Bargi, three Bargi.

Баргы – Адигине уруу бирикмесиндеги чоң уруунун бири. Санжыра боюнча Баргы Адигиненин улуу баласы экендиги баяндалат. Оң канатка кирген Баргылар кыргыз этносунун пайдубалын түптөгөн байыркы уруулардан болуп саналат.

Кыргыздардын келип чыгыш тарыхында эң архаикалык этнонимдердин бири Баргы этноними. Легендарлуу Баргужин-токум өлкөсүнүн аталышы аны менен тыгыз байланышта.

«Баргуджин-токум» термини монгол доорунда (XIII к.) пайда болсо, Баргу этнонимин алып жүрүүчүлөрдүн таралышы «Монгол империясы түзүлгөнгө чейин башталган. Бул этнонимдин Евразияда таралышынын азыркы географиясы абдан кеңири. Енисей-Байкал аймагы менен түздөн-түз байланышта болгон Баргу, Булгачы, Керемучи этнонимдерин алып жүрүүчүлөр ойраттордун түштүк-батышка көчүп-конуу толкунуна катышып, кийин Тянь-Шань кыргыздарынын курамына кирген» [1, 67-б.] деп жазат К.И.Петров.

Алгачкылардан болуп Н.А.Аристов [2, 52–53-бб.] кийин С.М.Абрамзон [3, 38,47–48-бб.], Б.Р.Зориктуев [4, 55–58-бб.] ж.б. кыргыздын Баргы уруусун Байкөлдүн ары жагын мекендеген байыркы Баргу же Баргут уруусу менен этногенетикалык байланышта карашкан. Азыркы кезде Баргут аталышынын монголдоштурулган формасы деп аталган байыркунун түздөн-түз урпактары Евразия мейкиндигинде казак, хакас, кыргыз элдеринин курамында жашашат.

Учурда изилдөөчүлөр баргуттардын этногенези биздин замандын I-чи миң жылдыгынын экинчи жарымында – II-чи миң жылдыктын биринчи жарымында Борбордук Азиядагы этникалык процесстерге байланыштуу экендигинен күмөн санашпайт, мында кытай жылнаамаларында байегу//баэгу уруу аттары, байырку//байырку байыркы түрк кагандарынын мемориалдык стелаларынын руникалык тексттеринде жана монголдордун тарыхы боюнча Рашид-ад-дин «Тарыхтардын жыйнагы хроникасыдагы» баргуттар, бул этнонимдердин баары бир этностук бирдиктин аталышы экенин айткан.

Күл-Тегиндин урматына орнотулган эстеликте анын согуштук жортуулдары жазылган, атап айтканда (кичи жазууда): «Алга (б.а. чыгышка) аскери менен Шантун түздүгүнө чейин, аз эле деңизге жеткен жок; оңго ... бир аз Тибетке жеткен жок; солго (түндүккө) мен аскер менен Йер-Байырку өлкөсүнө чейин бардым». Чоң жазуусунда: «О, түрк башчылары, анын чабуулдарын билесиңер. Биз ал армияны ошол жерде жок кылдык. Андан кийин Йер-Байырку уруусунун улуу Эркини бизге душман болду; биз аларды чачыратып, Тюрги-Яргун көлүндө талкаладык. Улуу Иркин саналуу гана эрлери менен качып кетти». Ал эми кыргыздар менен болгон согуштан бир окуядан майда детал: «... биз

алардын каганы менен Сунга черинде согушканбыз. Күл-Тегин Байыркудан келген ак аргымакка отурду, чабуулга өттү... Ушул салгылашууда Байыркунун ак айгырынан ажырады, анын жамбашын сындырды» [5, 41–45-бб.] деген маалыматтар жазылган. Аталган эстеликтен биз изилдеп жаткан байырку уруусунун, ал өлкөнүн аталышын жана анын башкаруучусу «эркин» деген титулду алып жүргөндүгүнөн кабар алабыз.

Монгол изилдөөчүсү Ж.Өлзийдин маалыматы боюнча б.з.ч. III к. баеэгу уруусу Хунну империясынын курамына кирген. Биздин замандын VIII кылымында Түрк каганатынын букаралыгына киргендиктен алар «баерко» деген түрк сөзү менен атала баштаган. Ж.Өлзий «Бэй шу», «Вэй шу» сыяктуу кытай булактарындагы маалыматтарды келтирет, анда Жужан каганы Шулуун (Шэ Лун) өз бийлигин чыңдоо үчүн коңшу элдерди баш ийдирүүнү чечкен, ошондуктан ал гаогюйлөргө жана Тола дарыясынын өрөөнүндөгү көчмөн урууларга кол салган. Акыркылардын арасында Орхон дарыясынын батышын жана түндүк-батышын, эбегейсиз зор аймактарды, ээлеген Юуве Баежи башында турган бай хунн уруулары болгон [6, 17,41-бб.]. Юуэвэ баежи же баецзи деп аталган бул топ, кыязы, хунну тукумдарынан болгон жана теленин курамына кирген байегу болсо керек» [7, 3-б.].

Баргут изилдөөчүсү Ш.Сундуйдун айтымында, баргуттар жөнүндө айтылган эң алгачкы булак деп Вэй мамлекетинин хроникасы 魏書 «Вэй шу» (551-554) каралышы керек, ал 隋書 «Суй шу» хроника булагынан бир кылым, ал эми 唐書 «Таң шудан» төрт кылымга алдыда турат. Ш.Сундуй бул хроникадан түндүк-батышта жашаган хуннулардын калдыктары жөнүндө төмөндөгүдөй үзүндү келтирген: «баежи деп аташат, алардын мамлекети күчтүү жана гүлдөп турган». Дал ушул баежилерди ал баргуттардын ата-бабалары деп эсептейт [8, 1-б.].

Суй династиясынын 隋 (581–618) доору боюнча 隋書 «Суй шу» хроника булагында 鐵勒 те-ле тобунун урууларынын (sin 姓) тизмесинде 拔也古 / 拔野古 Ба-э-гу уруусунун аталышы берилген. Ал цз. 99 БШ 北史 (ба-е-гу 拔也古), цз. 84 СШ 隋書 (ба-е-гу 拔也古), цз. 199 «ТД 通典 (ба-е-гу 拔野古), цз. 198 ТПХЮЦ 太平寰宇記 (ба-е-гу 拔野古) жана андан кийин цз. 344 ВСТК 文獻通考 (ба-е-гу 拔也古) деп кайталанат. Ба-е-гу 拔也古 / 拔野古 этноними бул жерде Тола дарыясынын түндүгүндө жашаган уруулар тобунун арасында эскерилет. Бул топко ошондой эле pu-gu 僕骨 (< *buγut), tong-lo 同羅 (< *toŋra), wei-he 韋紇 (< *ujγur), fu-lo 覆羅 кирген [9].

Г.Шлегель алгач 舊唐書 «Цзю Тан шуда» кездешкен 拔曳固 ба-и-гу жазылышына 拔野古 Poat-i-kou деп транскрипциялап [10, 23-б.], Bayirku деп окулушун берген [11, 1,137-бб.]. В.Томсен муну Хушо-Цайдамдагы байыркы түрк руникалык жазууларындагы Байырку (Bajyrqu) менен салыштырган [12, 73-б.]. Кантон диалектисин негиз кылып алган Ф.Хирт ба-и-гу 拔曳固 Pa-jyt-ku<Bajyrku деп транскрипциялаган, ошондой эле ба-и-гу 拔曳固 формасын белгилеген [13, 6,36-бб.]. Бул идентификацияларды Н.А.Аристов, Э.Шванн, Пеллиот, Гамилтон ж.б. изилдөөчүлөр да кабыл алышкан.

Кытай булагы 唐書 «Таң шунун» «Хойху (уйгурлар) үйү жөнүндөгү баяндоолор» деген бапында 15 чоң гаогуй муунунун (теле урууларынын) ичинде байегу уруусу саналып, алар жөнүндө: «... Улуу Кумдуу талаанын түндүк тарабын бойлой, миңге жакын ли мейкиндикти ээлеп, чачыранды көчүп жүрүшшөт; Пугудан түз чыгышты көздөй, Мохе менен чектеш... Бул өлкө чөп-чарга бай, жакшы аттарды өстүрүшөт, мыкты темирлер өндүрүлөт... Жаныбарларды ышкыбоздук менен кармашат; жер айдоо менен аз алектенишет.

... Каада-салттары көбүнчө телелердикине окшош; сүйлөшүүдө бир аз айырма бар...». Бардык теле муундары Тукюэ үйүнүн букаралары катары эсептелинип, тукуюлер «түндүк чөлдөрүндө алардын күчтөрү менен баатырлыктарды жасашкан». Бирок кээде күчтүү уруулардын коалицияларына башчылык кылган хойху, алардын арасында ар дайым байегу болгон, кээде козголоң чыгарышат, анан кайра моюн сунуп турушкан. Тукуэ үйүнүн баянында, атап айтканда, Тукюе каганы Мочжо козголоң чыгарган тогуз уруудан турган коалиция менен согушуп, Дуле ( Тола д.) дарыясынын боюнда «баэгулардын бир тобу менен» болгон кагылышууда каза болгондугу айтылат [14, 213,301, 343–344-бб.]. Жыйынтыгында телелер тукюлердин үстүнөн жеңишке жетишип, өздөрүнүн Хойху үйүнүн каганатын негиздешкен (745–840). Демек баегу/байыркылар теле тобунун уруусу болуп түктөргө баш ийип турушкан, бирок убактысы менен коалицияга биригишип, аларга каршы көтөрүлүп, династияларды алмаштырып, жаңы каганаттарды негиздеп турушкан.

А.Г.Малявкиндин «Таң хроникаларына» берген комментарийлеринде токуз-огуз уруусу Байыркунун ысымынын иероглифтик жазылышынын бир нече түрдүү варианттарын белгилеген. «Тайпин хуаньюй цзи» булагында түтүн эмес, саны 60 миң киши айтылат, бул чындыкка алда канча жакын; 通典 «Тун дянь» булагында алардын жеринен 1000 ли түндүк-чыгыш тарапта Канган дарыясы бар, ал эми Байырку уруусу ээлеген аймак «Синь Таншуда» айтылгандан бир топ аз экени көрсөтүлөт; Канган дарыясынын азыркы атын билүү оң натыйжа бербеди, бирок бул дарыя кытай окумуштуусу Дин Цяндын пикири боюнча Хэйлунцзян – Амур болушу ыктымал; ошол эле учурда 唐會要 «Тан хуйяонун» маалыматтарына таянып, байыркунун жылкылары ... Ханхайдын түштүгүндө Баегу дарыясынын боюнда жайылып жүргөн. Юли (Юлин) тоосунун чыгышында, ал байыркулардын журтун Яблоновый кырка тоосунун чыгышында Чикой, Ингода жана Онон дарыяларынын аймагында жайгаштырган [15, 139–142-бб.].

VI кылымдын ортосунан VII кылымдын ортосуна чейин Байырку Түрк каганатынын бийлиги астында болуп, мезгил-мезгили менен каганаттын башка теле уруулары, вассалдары, менен бирге көтөрүлүп, дароо эле Тан династиясынын жогорку бийлигинин астына кирип турган. Тан өкмөтү бул уруулардын жерлерин башында урук башчылары турган райондорго бөлүп берген, алты округдун (дудуфу) арасында Юлин деген Байегу району бар. Ал эми теле урууларынын өз алдынча башкаруу иштерине түздөн-түз кийлигишүү аракеттери алардын көтөрүлүштөрүн жаратып, ага байыркулар да катышкан, көтөрүлүшчүлөр Тан колбашчылары тарабынан бир эмес, бир нече жолу сокку жеп, жеңилип турган, бирок 662-ж. Селенги дарыясынын өрөөнүнө басып кирген жазалоочулар, ал жерде душманга жолуккан жок [15, 120-б.]. Мындан Байырку уруусу Селенганын ылдый жагына көчүп, тоо өрөөндөрүндө баш калкалаган деп болжолдоого болот. Уйгур каганатынын доорунда Байыркулар анын курамына кирген, алар 15 негизги уруунун катарына кирген. «Байырку элинин» армиясы токуз-татарлардын, аздардын, тонгралардын, үч-карлуктардын отряддары менен бирге Терхин жазуусунда Моюн-чур каганынын союздаштары катары аталган [16, 93-б.]. IX кылымдын ортосунан баштап Уйгур каганаты енисейлик кыргыздардан жеңилип калганда уйгурлар жана башка теле уруулары, анын ичинде байегу/байырку качууга аргасыз болгон. Турфанга баргандардын арасында байырку айтылбайт, алардын кыргыздарга же кидандарга баш ийгендиги тууралуу маалымат жок, бирок алардын Забайкальенин тереңине, чыгышта огуз татарларынын жерлерине кеткендигин көрүүгө болот.

II-чи миң жылдыктын биринчи жарымында байегу/байырку *баргут* деп аталат. Рашид ад-дин баргут, кори, тулас уруулары жөнүндө, алардын бири-бирине жакын экендигин жазат, «конуштары, турак-жайлары Селенги дарыясынын аркы өйүзүндө жайгашкандыктан аларды баргут деп аташат, монголдор жашаган аймактардын жана жерлердин эң четин Баргуджин-Токум деп аташат. Тумат уруусу ушулардан тараган. Ошол чектерде башка көптөгөн уруулар отурушкан: ойрот, булагачын, керемучин» [17, 121-б.].

Байыркунун келип чыгышы маселелери А.Н.Бернштамдын, Л.П.Потаповдун, Е.В.Ковычевдин жана башка окумуштуулардын эмгектиринде чагылдырылган.

Байегу/Байыркуну бир катар изилдөөчүлөр аларды түрк элдерине, башкалары монголдорго таандык кылышат. Алардын этникалык таандыгы жөнүндөгү маселе талаш бойдон калууда. Байегулар теле жана токуз-огуздар конфедерациясынын курамына киргендигинен алардын түрк тектүү экендиги жөнүндө пикир айтылат.

Байегу/байыркунун монгол тектүү экендигин илимге алгачкы жолу XX кылымдын 50-чү жылдары Г.Н. Румянцев илимий чөйрөгө сунуштаган.

Анын эмгектеринин негизги кемчилиги азыркы монгол элдеринин отурукташкан жеринде жашап өткөн дээрлик бардык байыркы жана орто кылымдардагы этностук топтор түпкүлүгүндө монгол тектүү катары көрсөтүлгөн. Г.Н.Румянцев бул жаңылыш көз карашын байырк уруусуна өткөрүп, ошону менен бул жана башка бир катар топтордун тарыхын изилдөөнү терең сенектик абалга келтирген. Анын негизги аргументи өзү ойлогондой байыркунун башчысы монголчо эркин титулун алып жүргөндүгүнө байланыштуу. «Күл-тегин жазуусунда (VIII кылым), – деп белгилеген ал, – Байырку уруусунун башчысы «улуу Иркин» деп аталат. Иркин – монголчо erkin – «башчы». Бул Байырку уруулар союзунун башчысы түрк эмес, моңгол титулун алып жүргөндүгүн билдирет, моңгол титулу, Байырку (Байэгу) моңгол урууларына таандык деген божомолду ырастайт» [18, 43-б.] деп, өзүнүн гипотезасын бышыктаган.

Г.Н.Румянцевдин Байегу/Байырку келип чыгышы жөнүндөгү монгол гипотезасын Ц.Б.Цыдендамбаев колдоп, ага ылайык монгол тилиндеги баргу сөзү түрк тилинин байырку сөзүнүн калька болуп саналат жана алар бир эле мааниге ээ – «орой, алгачкы, байыркы»; Мындан тышкары, түрктөр бөтөн уруулардын өз атын түрк тилине которуп аташкан, – деп жазат [19, 279-б.].

Г.Н.Румянцевдин гипотезасы негизсиз экендигин А.Г.Малявкин илимий эмгегинде кытай булагы «Синь Тан шудан» «эркин (сижин) жана элтебер (селифа) түрк титулдары экенин таң жылнамасын түзүүчүлөрү жакшы билишкен» [20, 87, 282-бб.] деген текстстик үзүндүлөрдүн фрагментин келтирип, ынанымдуу түрдө далилдеп, четке каккан.

Белгилүү болгондой, теле Борбордук Азиядагы байыркы түрк урууларынын бири болуп саналат, анын теги легендарлуу гана эмес, тарыхый ди > дили > динлиндерге да барып такалат. Бул уруулук түзүлүштүн түрк тилдүүлөрдөн келип чыгышы жөнүндөгү гипотезаны бир катар изилдөөчүлөр: Н.А.Аристов (1894), Э.Шаваннес (1903), А.Н.Бернштам (1947) жана башкалар колдошот. Б.Р.Зориктуев, Байыркулардын теле урууларынын тобуна киргендигине таянып, ошондой эле Рашид ад-Диндин Байкал чөлкөмүндөгү уруулар мурда монголдор деп аталбаганы жөнүндөгү билдирүүсүнө таянып, Байырку уруусу түпкүлүгүндө түрк тектүү болгон деп эсептейт. Анын пикири боюнча, Байыркунун башында түрк тектүү болгон кору, туластар жана туматтар сыяктуу бир нече тектеш уруулардын тобу турганы, ошондой эле байырку уруусунун башчысынын наамы түрк тилинен келип чыккан «иркин – эркин» (түрк. "бег" ) да ырастайт [21, 121-б.].

Демек, көпчүлүк илипоздор Баегу/Байырку уруусун келип чыгышы боюнча түрк тилдүүлөрдөн келип чыгышы жөнүндөгү гипотезаны колдошот жана карманышат.

Алгачкылардан болуп Н.А.Аристов «...Негизги Баргы уруусунун аты монголиялык *баргут* уруусунун аты менен байланышта болушу мүмкүн, аны Березин монголдун *барагун* – оң, батыш дегенинен чыгарат» [22, 438-б.] – деп жазып, кыргыздын Баргы уруусу менен монголдордун *баргут* уруусунун этногенетикалык байланышы болушу мүмкүн деген оюн айткан.

Н.А.Аристовдун бул гипотезасын колдоп С.М.Абрамзон Баргы уруусун Байкөлдүл ары жагын мекендеген байыркы Баргу же Баргут уруусу менен салыштырып, окшоштурган. С.М.Абрамзондун бул оюн бурят окумуштуусу Б.Р.Зориктуев кубаттап колдогон деп биз жогоруда айтып өткөнбүз.

Баргы уруусунун уруктук курамын изилдөөдө «ак баргы», «кара баргы», «сары баргы», «таз баргы», «карабагыш баргы», «мырза баргы», «улуу баргы», «кичи баргы», «хан баргы», «үч баргы», «үчбай баргы» деген аталыштар кездешет. Ошондуктан бул аталыштарга кыскача аныктамаларды берип кетсек.

*Улуу баргы* деп Баргынын тун уулу Сатыкенин урпактарын аташат. *Кичи баргы* деп Баргынын кичүү уулу Сансыздын урпактарын айтышат.

*Ак баргы.* Сатыкеден – Мырзаке, Исамамат. Сатыкенин Мырзакесинен тарагандарды жалпы жонунан *ак баргылар* дешет. Биз жогоруда белгилеп кеткендей алгачкылардан болуп Ак баргы уруктун аталышын Б.Жамгырчинов эмгегинде берген. Анда *ак баргылар* Ош уездинин Гүлчө, Алай, Кызыл-Корго деген жерлерде жашагандыгы көрсөтүлгөн. Кийин Мырзакеден тарагандар дайыма эл башкарууга аралашып жүргөндүктөн жана даңктуу инсандар чыккандыктан эл аларды *Хан баргы* деп аташа баштайт. Ошондон эл арасында «Хан баргы өзгөлөргө тизгин бербес, Баргыны убагында эч ким жеңбес» – деген лакаб калган.

*Кара баргы* – санжыра боюнча Баргыдан – Сатыке, Сансыз. Сатыкеден – Мырзаке, Исамамат. Исамаматтан Кудайберди, андан Апалтай, Маңгытай (Миңкытай). Маңгытайдан – Калкамат, Эсемат. Эсematтын урпактары «кара баргы» деп аталып калган.

*Сары баргы* – санжырада айтылгандай Баргыдан – Сатыке, Сансыз. Сатыкеден – Мырзаке, Исамамат. Исамаматтан Кудайберди, андан Апалтай, Маңгытай (Миңкытай). Апалтайдан – Сарой, Сары баатыр. Сары баатырдын урпактары кийин «сары баргы» атак алып кетишкен.

*Таз баргы* – санжырада Баргыдан – Сатыке, Сансыз. Сатыкеден – Мырзаке, Исамамат. Исамаматтан Кудайберди, андан Апалтай, Маңгытай (Миңкытай). Маңгытайдан – Калкамат, Эсемат. Калкаматтан тарагандар «таз баргы» деген ат менен белгилүү.

*Үч баргы* – жогорудагы «кара баргы», «сары баргы» жана «таз баргы» деп аталган уруктарды бириктирип «үч баргы» деп да аташат.

*Карабагыш баргы* – Күндөрдүн биринде Ноокаттык баргылардын айылына каракчылар келишип, мал-мүлктөрүн талап кетишет. Уурулар дагы да, кайрылып келээр дешип, айылдагылар камдуу жүрүшөт. Алар кийинки келгенде, кармап алышат. Күндө жазалашып, кечинде бир үйгө камап, эрте менен эл алдына алып келишип. «Элден канча мал-мүлк алдынар? Кимдерди тонодунар? Качантан бери уруулук-каракчылык кыласыңар? Ачык айтсанар коё беребиз. Болбосо, айыбынар үчүн өлтүрөбүз», – дешет.

Силер, «Кара багыштардан» да жаман экенсинер. Алар уурулугубузду мойнубузга алганда бошотушту эле. Силер «өлтүрөбүз» деп жатасыңар. Биз уурулугубузду моюнга алып,

чыгымыңарды төлөп берели, бошоткула?» – деп каракчылардын башчысы суранат. Убада боюнча алдырган мал-мүлктөрүн, кеткен чыгымдарын төлөтүп алышкандан «карабагыш баргылары» аталып калышат.

*Мырза баргы* – Бир вариантта: Жаш эне колундагы баласын «Чоңойгондо мырза болот, мырзам» деп эркелетчү. Кийин эр жеткенде ал бала мырзадай созулган жигит болот. Андан тарагандар «Мырза баргылар» атыгып кетет. Экинчи вариантта: Тарыхчынын уулдары Шүкүр бий, Молдо Жусуп кары, Лепезден тарагандар «Мырза баргылар». Эл бийлеген бек, акимдердин балдары Маргаланга келишип, аш жеп калышат. Байбатчалар бири-бирине сыпайыкерчилик көрсөтүшүп: – «Алың, алын,» – дешип, табакка кол сунушпай, бирин-бири ызатташат. «Мырза баргылардын» бирөөсү эңкейип, табакка кол сунуп, бир бүдүр күрүчтү бычагы менен экиге бөлүп, жарымын оозуна салат. Аны көргөн байбатчалар колдорун аарчып, дасторкондон кетенчиктей беришет. Шериктеринин абалын көргөн бирөөсү: – «Байбатча, сиз ала бериң», – десе ал: – «Аштын демине эле, кардым тойду» – деп жооп берген экен.

*Үчбай баргы* – Эл оозунда сакталып калган маалыматка караганда Тилекенин уулу Черикчиден Элтойду, Көкүл, Тарыхчы аттуу үч уул. Көкүл каза болуп, андан Дубана, Бекбото, Календар аттуу балдар калат. Үчөө эр жетип баштары таанылa баштаганда атасы менен бир тууган абасы Элтойдуну конокко чакырышып: «Атабыздай баш-көз болуп жүрөсүз. Жаман сөздү каалабадыңыз, жакшы сөздү аябадыңыз. Сиздин аркаңыз менен элге кошулуп отурабыз. Үчөөбүз үч үй-бүлөлү болдук. Ушул күнгө чейин, атадан калган мал-мүлктү бирге кармап, бөлүнгөн жокпуз. Калыстык кылып, үчөөбүзгө бөлүп бериңиз» – дешет. «Ыраазымын, инилерим. Калыстын иши катуу жүк. Мүлкүңөрдү үчкө бөлөйүн. Кимиңе аз тийсе, наааразы болгонуңа, малыман берейин», – дейт. Элтойду көп малды Ордо-Дөбөгө топтотуп, чыгышты, батышты, түштүктү көздөй үчкө бөлүп айдатат. Ордо-Дөбөнүн үч тарабына мал бөлүнөт. «Мына, үчөөң үч бай болдуңар», – деп батасын берет. Көкүлдүн урпактары «*Үч бай баргы*» аталып кетет.

Ошондой эле Баргы уруктары «Калдай баргысы», «Папан баргысы»,«Алай баргысы», «Атамерек баргысы», «Карабагыш баргы», «Ноокаттык беш топ баргы», «Мырза баргы» ж.б. деген жашаган жеринин аталыштары менен аталып, башка уруу топтордогу өткөрүлгөн чоң маарекелерде, өзүнчө топ-топко бөлүп түшүрүлүп, сый көрсөтүлгөндөн улам, «Баргылар баары келбейт, баары келсе табак жетпейт» деген лакап калган. Бул лакап Баргы уруусунун сан жагынан көпчүлүктү түзөрүнүн кошумча дагы бир жолу далилдейт.

Мындан сырткары эл арасында *«баргы жүрүш»* деген түшүнүк бар. Ал мындайча: Баргылар сындуу аттарды минип, көпчүлүктүн алдында ашыкча сүйлөбөй, сыпайы, азил-тамашага этият мамиле жасашкандыктан, Баскан-тургандары адептүү. Сыпайы-сылык сүйлөшөт. Сыланып жүрүшөт дешип, баргыларды аңыз кылышчу. Жигиттери албеттүү, келиндери келбеттүү, кыздары уяттуу, уландары сымбаттуу, карылары каада-салттарды барктап ариет-намысты бекем сактаган, мейман достугунан улам «Баргыларга кыз берип, уул үйлөйлү» дешип, алыс-жакынкылар суктанышчу.

**Колдонулган адабияттар**

1. Петров КИ. К истории движения киргизов на Тянь-шань и их взаимоотношений с ойратами в XII-XV вв. Фрунзе, 1961.

2. Аристов Н.А. Труды по истории и этническому составу тюрских племен. – Бишкек, 2003.

3. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Л., 1971.

4. Зориктуев Б.Р. С.М.Абрамзон об этногенетических связях киргизов // – С.55-58.
5. Малов, С.Е. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. – М.; Л., 1959.
6. Өлзий, Ж. Барга монголын туух. – Улаанбаатар, 1999.
7. Dugarjav, J. Barga jang uile. – Өbәr Mongγol, 2004.
8. Sungdui, Sh. Barγučud Külün-Büir-tü aju tәrüjü üie ulariγsan tobči teüke. – Külün-Büir, 2004.
9. Позднеев Д. М. Исторический очерк уйгуров (по китайским источникам). СПб.: Тип. Имп. акад. наук, 1899. –С. 38; Chavannes É. Documents sur les Tou-kiue (Turcs) Occidentaux. Paris: Librairie d'Amérique et d'Orient Adrien Maisonneuve, 1903. – P. 251, note 2.; Кюнер Н.В. Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. М.: Наука, 1961. – С. 38.
10. Schlegel G. La stèle funéraire du Teghin Giogh: et ses copistes et traducteurs chinois, russes et allemands. Helsingissä: Suomalaisen kirjallisuuden seuran kirjapainossa, 1892.
11. Schlegel G. Die chinesische Inschrift auf dem uigurischen Denkmal in Kara Balgassun. Helsingfors, 1896.
12. Thomsen V. Inscriptions de l'Orkhon déchiffrées. Helsingfors: Impr. de la Société de littérature finnoise, 1896.
13. Hirth F. Nachworte zur Inschrift des Tonjukuk. Beiträge zur Geschichte der Ost-Türken im 7. und 8. Jahrhundert nach chinesischen Quellen // Radloff W. Die alttürkischen Inschriften der Mongolei. Zweite Folge. St. Petersburg: Kaiserliche Akademie der Wissenschaften, 1899.
14. Бичурин Н.Я. Собрание сведений о народах Средней Азии в древние времена. – М.; Л., 1950.
15. Малявкин А.Г. Танские хроники о государствах Центральной Азии. – Новосибирск, 1989. – С. 139-142.
16. Кляшторный С.Г. Терхинская надпись // СТ. – 1980. – № 3.
17. Рашид-ад-дин. Сборник летописей. – М.; Л., 1952. – Том 1. – Кн.1.
18. История Бурят-Монгольской АССР. – Улан-Удэ: Бурят-Монгольское книжное изд-во, 1954. – Т. I. Изд.2-е.
19. Цыдендамбаев Ц.Б. Бурятские исторические хроники и родословные. – Улан-Удэ, 1972
20. Малявкин А.Г. Танские хроники о государствах Центральной Азии. – Новосибирск, 1989.
21. Зориктуев Б.Р. Об этническом составе населения Западного Забайкалья и Предбайкалья во второй половине I – первой половине II тысячелетия н.э.// Этническая история народов Южной Сибири и Центральной Азии. – Новосибирск, 1993.
22. Аристов Н.А. Опыт выяснения этнического состава киргиз-казаков большой орды и кара-киргизов...// Живая старина. – Санкт-Петербург, 1894. – Вып. 3/4.

**Рецензент: доктор исторических наук, и.о. профессора Капалбаев О.Э.**